*Кошмоков К. С., БГУ*

# АРАБ ТИЛИНДЕГИ ЭТИШТИН БАПТАРЫ

## *1-макала*

Араб грамматикасынын эң башкы өзгөчөлүктөрүнүн бири – этиш баптары менен этиштен жасалган зат атоочтордун (масдарлар) болушу. Үч үнсүздөн турган этиш баптарынын саны 15ке жетет, алардын ичинде 10 бап өтө активдүү колдонулат. Аларды араб тилчилери «فعل» модели менен белгилешсе, европалык жана орус тилчилери рим цифралары менен номерлейт. Баптар жөнөкөй этиш формаларынын курамындагы муундуу үнсүздөрдүн катарлаш келгени, харакаттарынын (кыска үндүү тыбыштарынын) орун өзгөртүүсү, же муун курамына башка үнсүз тыбыштардын кошулуусу аркылуу жасалат. Ар бир бап белгилүү бир кыймылдык (этиш) маанини билдирет. Ар бир баптагы этиш учур-келер чак формаларга, жекелик, экилик, көптүк сандарга, жактарга, мамилелерге жана ыңгайларга карата өзгөрөт. Б**аптар:**

| | | |
|---|---|---|
| I فَعَلَ | VI تَفَاعَلَ | XI إِفْعَالَّ |
| II فَعَّلَ | VII إِنْفَعَلَ | XII إِفْعَوْعَلَ |
| III فَاعَلَ | VIII إِفْتَعَلَ | XIII إِفْعَوَّلَ |
| IV أَفْعَلَ | IX إِفْعَلَّ | XVI إِفْعَنْلَلَ |
| V تَفَعَّلَ | X إِسْتَفْعَلَ | XV إِفْعَنْلَى |

XI-ден XV-ге чейинки баптар абдан сейрек колдонулат. Бардык эле этиштер бул баптардын баарында колдонула бербейт. Бул макалада 4 бап менен таанышып чыгабыз.

**I бап** فَعَلَ

I баптагы этиштер үч түрдүү болушат, алар этиштин эң жөнөкөй үлгүлөрү катары белгилүү, алар: فَعَلَ، فَعِلَ، فَعُلَ. Этиштин биринчи жана үчүнчү харакаттары – фатха ***(-а)*** ал эми ортоңку харакаты фатха ***(-а)*** да, касра ***(и)***, же дамма ***(у)*** да болушу мүмкүн. Ортоңку үнсүзүнө дамма ***(у)*** харакаты коюлган этиш өтпөс, ал эми фатха ***(-а)*** менен касра ***(и)*** коюлган этиш өтмө да, өтпөс да этиш болот.

Араб тилиндеги учур чак жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнбөйт, ал төмөнкүдөй жасалат:

Учур чактын формасы өткөн чактын уңгусунан жасалат, уңгудагы биринчи үнсүз тыбыш үндүүдөн ажыратылып ага **сүкүн** коюлат да, анын алдына кызматчы тамгалардын бири коюлат, экинчи үнсүз үч харакаттын бирине ээ болот. Оболу алдына коюулуучу (префикс) кызматчы тамгаларга көңүл бөлсөк, белгилүү араб тилчиси Мухаммад ибн Салих «Шарх аль-Ажрумий», (Аль-Ажрумийнин түшүндүрмөсү) аттуу эмгегинде мындай дейт: «Учур-келер чак – (префикс) кызматчы тамгалардын бири коюлгандыгы менен белгилүү. Алар болгону төрт тамга, аларды мен унутпоо үчүн: أَنَيْتُ деген маанини берген сөзгө бириктирип койдум»» (Аль-Ажрумий, 65). Эгер учур чак форма أ *(-а, алиф)* (префикси) менен башталса, I жактын жекелик санын билдирет, **мисалы:** أَكْتُبُ ***(актубу)*** «жазып жатам», «(мен) жазып жатам» дегенди туюндурат. Эгер учур чак форма نُون *(нун)* (префикси) менен башталса, I жактын көптүк санын билдирет, **мисалы:** نَكْتُبُ ***(актубу)*** «жазып жатабыз», «(биз) жазып жатабыз» дегенди туюндурат. Эгер учур чак форма ياء *(йа)* (префикси) менен башталса, III жактын жекелик сандагы аял тегинен башкаларын билдирет, **мисалы:** يَكْتُبُ ***(йактубу)*** «жазып жатат», «(ал) жазып жатат» дегенди туюндурат Эгер учур чак форма تَاء *(та)* (префикси) менен башталса, II жакты жана III жактын жекелик сандагы аял тегин билдирет, **мисалы:** تَكْتُبُ ***(тактубу)*** «(сен) жазып жатасың», «(ал) жазып жатат» дегенди туюндурат.

Кыргыз тилинде учур чактагы кыймыл-аракетти өзүнөн-өзү иштелгендей мааниде көрсөткөн этиш, тагыраак айтканда, туюк мамиленин **–ыл (-ил, -ул, -үл, -л)** мүчөсүнүн улануусу менен жасалса, **мисалы:** *чачылат, ачылат, оңолот, жасалат* ж.б., араб тилинде учур чакты билдирген يَفْعَلُ ***(йафалу)*** يَفْعُلُ ***(йафулу)*** يَفْعِلُ ***(йафилу)*** үлгүлөрүнөн (моделдерден) төмөнкү жол аркылуу жасалат. Уңгунун алдында келген биринчи ***(йа)*** префикси ***(йу)*** префикси менен алмашат да, ортоңку үнсүз уңгунун кыска үнсүзү дайыма ***(а)*** фатхалуу болуп келет. Ошондо жогорудагы учур чактын моделдери төмөндөгүдөй (туюк мамилени) моделине өзгөрүлөт: يُفْعَلُ ***(йуфалу)*** يُفْعَلُ ***(йуфалу)*** يُفْعَلُ ***(йуфалу)***. **Мисалы:** «жазат-жазылат» ***(йактубу-йуктабу)*** يَكْتُبُ – يُكْتَبُ ; «отурат-отурулат» ***(йажлису-йужласу)*** يَجْلِسُ – يُجْلَسُ ; «жабат – жабылат» ***(йафтаху-йуфтаху)*** يَفْتَحُ – يُفْتَحُ

Эми этиштин ички флекциясына назар салып этиштин эң жөнөкөй I баптагы үлгүлөрүн алсак: фа**у**ла

(өткөн чак) **йа**ф**у**л**у** (учур чак) **يَفْعُلُ – فَعُلَ ;** фа**и**ла (өткөн чак) **йа**ф**и**л**у** (учур чак) **فَعِلَ – يَفْعِلُ ;** фа**а**ла (өткөн чак) **йа**ф**а**л**у** (учур чак) **يَفْعَلُ – فَعَلَ**

Мисалда көрүп тургандай, учур чактын формасын жасоодо өткөн чактын формасында келген этиштин (атайын белгиленген) экинчи үнсүз уңгунун харакатына (кыска үндүүгө) көп көңүл бурулат. Эгер өткөн чактын формасында келген этиштин экинчи үнсүз уңгусу дамма ***(-у)*** менен келсе, учур-келер чактын формасы ошол эле тыбышта келет. **Мисалы:** кылды – кылып жатат ***(фаула-йафулу)*** **فَعُلَ – يَفْعُلُ** ; «чоңойду – чоңоюп жатат» ***(кабура-йакбуру)*** **كَبُرَ – يَكْبُرُ**

Өткөн чактын формасында келген этиштин экинчи үнсүз уңгусу касра ***(-и)*** менен келсе, учур-келер чактын формасы көбүнчө фатха ***(-а)*** менен келет. **Мисалы**: кылды – кылып жатат ***(фаила-йафалу)*** **فَعِلَ – يَفْعَلُ** ; «билди – билип жатат» ***(алима-йаламу)*** **عَلِمَ – يَعْلَمُ**

Эгерде өткөн чактын формасында келген этиштин экинчи үнсүз уңгусу фатха ***(-а)*** менен келсе, учур-келер чактын формасында көбүнчө дамма **(-у)** менен келет. **Мисалы**: кылды – кылып жатат ***(фаала-йафулу)*** **يَفْعُلُ – فَعَلَ** ; «жазды – жазып жатат» ***(катаба-йактубу)*** **كَتَبَ – يَكْتُبُ**

Фатха жана касра болуп да келет, бирок сейрек. **Мисалы**: кылды – кылып жатат (***фаала-йафалу)*** **فَعَلَ – يَفْعَلُ;** «кетти–кетип жатат» ***(захаба-йазхабу)*** **ذَهَبَ – يَذْهَبُ;** кылды – кылып жатат ***(фаала-йафилу)*** **فَعَلَ – يَفْعِلُ** ; «отурду-отурат» ***(жаласа-йажлису)*** **جَلَسَ – يَجْلِسُ**

## II бап فَعَّلَ

Бул бап уңгунун экинчи үнсүз тамгасынын экөөңө айлануусу менен уюшулат. **(فَعَّلَ)** ضَرَّبَ *дарраба* - катуу урду, биринчи үнсүздүн алдына **(у)** даммалуу префикс коюлуп, уңгунун экинчи катарлаш келген үнсүз тамгасы **(и)** касрага айланат да, этиштин аягына учур чактын чакчылы **(у)** келет: - يُضَرِّبُ ***(йударрибу)*** «катуу урууда, катуу уруп жатат»;

Бул бапта келген этиштер бир нече маанилерди берет:

1. Эң негизги мааниси ар түрдүү оттеноктордо келген кыймылдын күчөгөндүгүн билдирет:

а) көп күч жумшалган кыймылдын күчөгөндүгүн билдирет. **Мисалы:** ضَرَّبَ – يُضَرِّبُ ***(дарраба-йударрибу)*** «катуу урду – катуу урууда»; ضَرَبَ I бапта (уруу, (ал) урду) маанини берген болсо, II бапта ضَرَّبَ (катуу уруу (ал катуу урду) деген мааниге ээ болуп калды.

б) кыймылдын кайталануусун билдирет. **Мисалы:** جَوَّلَ – يُجَوِّلُ ***(жаувала-йужаувилу)*** «кыдырды – кыдырууда»; طَوَّفَ – يُطَوِّفُ ***(таувафа-йутаувифу)*** «айланды – айланууда». جَالَ I бапта (кыдыруу, (ал) кыдырды) бир жолку маанини берген болсо, II бапта جَوَّلَ көп жолу кайталанган мааниге ээ болуп калды.

в) кыймылдын бир топ объектиге багытталганын билдирет. **Мисалы:** غَلَّقَ – يُغَلِّقُ ***(галлака-йугаллику)*** «көп эшикти жапты – көп эшикти жабууда»; قَتَّلَ – يُقَتِّلُ ***(каттала-йукаттилу)*** «көп кишини өлтүрдү – көп кишини өлтүрүүдө». غَلَقَ I бапта (жабуу, (ал) жапты) бир эшикти жапкандыгын билдирсе, II бапта غَلَّقَ көп эшикти жапкандыгын билдирип калды.

г) кыймылдын ар тарапка таралганын билдирет. **Мисалы:** فَرَّقَ – يُفَرِّقُ ***(фаррака-йуфаррику)*** «(ар тарапка) чачты – (ар тарапка) чачууда»; فَرَّشَ – يُفَرِّشُ ***(фарраша-йуфарришу)*** «(ар тарапка) төшөдү – (ар тарапка) төшөөдө». فَرَقَ I бапта (бөлүү, (ал) бөлдү) маанини билдирген болсо, II бапта فَرَّقَ ар тарапка чачуу, таркатуу маанини билдирип калды.

д) кыймылдын кылдаттык менен аткарылгандыгын билдирет. **Мисалы:** نَقَّشَ – يُنَقِّشُ ***(наккаша-йунаккишу)*** «(жүндү) таза, кылдаттык менен) тарады, тазалады – тазалоодо»; نَقَّضَ – يُنَقِّضُ ***(наккада-йунаккиду)*** «(чаңды) күбүдү – күбүдө». نَقَّشَ I бапта (жулуу, (ал) жулду) маанини билдирген болсо, II бапта نَقَّشَ таза, кылдаттык тазалоо таркатуу маанини билдирип калды.

е) кыймылды көп субъект аткаргандыгын билдирет. **Мисалы:** بَرَّكَ النَّعمُ ***(баррака аннааәму)*** «төөлөр чөгөлөштү»; يُبَرِّكُ النَّعمُ ***(йубаррика аннааәму)*** «төөлөр чөгөлөшүүдө»; مَوَّتَ المَالُ ***(маавата аль-маалу)*** «өлөт, мал кырылды»; يُمَوِّتَ المَالُ ***(йумаувиту аль-маалу)*** «мал кырылууда»;

2. Кыймылдын күчөгөндүгүн натыйжасында себептүүлүк кырдаал пайда болот, кыймылды аткарып жаткан субъект ошол кыймылдын чыгышына, же башка субъектинин кыймылга келүүсүнө себепкер болгонун билдирет. **Мисалы:** بَلَّغَ – يُبَلِّغُ ***(баллага-йубаллигу)*** «жеткирди – жеткирүүдө»; كَثَّرَ – يُكَثِّرُ ***(кассара-йакассиру)*** «көбөйттү – көбөйтүүдө». بَلَغَ I бапта (жетүү, (ал) жетти) маанисин берген болсо, II бапта بَلَّغَ (жеткирүү (ал жеткирди) деген мааниге ээ болуп калды.

**III бап فَاعَلَ**

Уңгунун биринчи үнсүз тамгасынан кийин созулма үндүүнүн келүүсү аркылуу уюшулат: كَاتَبَ *каатаба* «бирөөгө кат менен кайрылды». Бул баптагы этиштердин алдындагы биринчи үнсүздүн алдына **(у)** даммаллуу префикс коюлуп, аяккы уңгудан мурун келген уңгу үнсүз тамгасы **(и)** касрага айланат да, этиштин аягына учур чактын чакчылы **(у)** келет: يُكَاتِبُ ***(йукаатибу)***– «бирөөгө кат менен кайрылууда».

Бул бапта келген этиштер бир нече маанилерди берет:

1. Кыймылдын кимдир бирөөгө, же бир максатка карай багытталгандыгын билдирет. **Мисалы:** – كَاتَبَ يُكَاتِبُ ***(каатаба-йукаатибу)*** «(бирөөгө кат менен) кайрылды – (бирөөгө кат менен) кайрылууда»; خَاشَنَ – يُخَاشِنُ ***(хаашана-йухаашину)*** «бирөөгө орой мамиле жасады – бирөөгө орой мамиле жасоодо»**.** كَتَبَ I бапта (жазуу, (ал) жазды) деген маанини берген болсо, II бапта كَا ئَبَ бирөөгө кат менен кайрылды деген мааниге ээ болот.

2. Өзүнүн кыймылында көздөгөн бир максатка жетүү аракетин билдирет. **Мисалы:** يُخَادِعُ – خَادَعَ ***(хаадаәа-йухаадиәу)*** «(алдайын деп аракеттенди – алдайын деп аракеттенүүдө»; يُغَالِبُ – غَالَبَ ***(гаалаба-йугаалибу)*** «жеңейин деп аракеттенди – жеңейин деп аракеттенүүдө». خَدَعَ I бапта (алдоо, (ал) алдады) маанисин берген болсо, II бапта خَادَعَ алдайын деп аракеттенди деген мааниге ээ болот.

3. Жарышуу, эрегишүү маанилерди билдирет. **Мисалы:** يُسَابِقُ – سَابَقَ ***(саабака-йусаабику)*** «озуп кетүүгө аракеттенди, жарышты – озуп кетүүгө аракеттенүүдө, жарышууда»; يُفَاخِرُ – فَاخَرَ ***(фаахара-йуфаахиру)*** «(атак-даңкка жетти – атак-даңкка жетүүдө». سَبَقَ I бапта (озуп кетүү, (ал) озуп кетти) маанисин берген болсо, II бапта سَابَقَ озуп кетүүгө аракеттенди, жарышты деген мааниге ээ болот.

4. «Чыдоо», «баштан кечирүү» маанилерди билдирет. **Мисалы:** يُكَابِدُ – كَابَدَ ***(каабада-йукаабиду)*** «кайгы-капаны баштан кечирди – кайгы-капаны баштан кечирүүдө»; كَابَدَ I бапта (кыйноо, (ал) кыйнады) маанини берген болсо, II бапта كَابَدَ кайгы-капаны баштан кечирди деген мааниге ээ болуп калды.

5. Кээде өзүнө таандык маанисин жоготуп, себептүүлүк, же нейтралдуу кыймылды билдирет. **Мисалы:** يُضَاعِفُ – ضَاعَفَ ***(дааәафа-йудааәифу)*** «эки эсе көбөйттү – эки эсе көбөйтүүдө»; يُسَافِرُ – سَافَرَ ***(саафара-йусаафиру)*** «сапарга чыкты – сапарга чыгууда»; يُسَاعِدُ – سَاعَدَ ***(сааәада-йусаәиду)*** «жардам берди – жардам берүүдө». سَافَرَ I бапта (кыйноо, (ал) кыйнады) маанини берген болсо, II бапта كَابَدَ кайгы-капаны баштан кечирди деген мааниге ээ болуп калды.

**IV бап أَفْعَلَ**

Уңгунун биринчи үнсүз тамгасынын алдына «а» префикс коюулуусу менен уюшулат: أَجْلَسَ***(ажласа)*** «отургузуу - (ал) отургузду» . Бул баптагы этиштердин учур чак формасы төмөндөгүчө уюшулат: алдына келген «а» префикси **(у)** даммага алмашылып, аяккы уңгудан мурун келген уңгуда үнсүз тамгасы **(и)** касрага айланат да, этиштин аягына учур чактын чакчылы **(у)** келет: يُجْلِسُ ***(йужлису)*** «(ал) олтургузуп жатат, (ал) олтургузууда»,

Бул бапта келген этиштер бир нече маанилерди берет:

1. Эң негизги мааниси – себептүүлүк.

а) кимдир бирөөнү кыймылды аткарууга козгоо. **Мисалы:** جَلَسَ *(жаласа)* «отуруу (ал отурду)» – أَجْلَسَ ***(ажласа)*** «отургузуу – (ал) отургузду», учур чак формасы – يُجْلِسُ ***(йужлису)*** «отургузуп жатат – (ал) олтургузууда. خَرَجَ *(хаража)* «чыгуу (ал чыкты)» – أَخْرَجَ ***(ахража)*** «чыгаруу – (ал) чыгарды», учур чак формасы – يُخْرِجُ ***(йухрижу)*** «чыгарып жатат – (ал) чыгарууда.

б) кандайдыр бир абалды козгоо. **Мисалы:** حَزِنَ *(хазина)* «кайгыруу (ал кайгырды)» – أَحْزَنَ ***(ахзана)*** «кайгыга салуу – (ал) кайгыртты», учур чак формасы – يُحْزِنُ ***(йухзину)*** «кайгыртып жатат – (ал) кайгыртууда». قَصُرَ *(касара)* «кыска болуу (ал кыскарды)» – أَقْصَرَ ***(аксара)*** «кыскарттуу – (ал) кыскартты», учур чак формасы – يُقْصِرُ ***(йуксиру)*** «кыскартып жатат – (ал) кыскартууда».

2. Өтмө этиштер болсо, эки ирет өтмөлүү болуп калат. **Мисалы:** نَشِقَ *(нашика)* «дем алуу (ал дем алды)» – أَنْشَقَ ***(аншака)*** «дем алдырды», учур чак формасы – يُنْشِقُ ***(йуншику)*** «дем алдырып жатат – (ал) дем алдырууда». نَطَقَ ***(натака)*** «сүйлөө (ал сүйлөдү)» – أَنْطَقَ ***(антака)*** «(ал) сүйлөттү», учур чак формасы – يُنْطِقُ ***(йунтику)*** «сүйлөтүп жатат – (ал) сүйлөтүүдө».

3. Кандайдыр бир кыймылга, же абалга уруксат берүү. **Мисалы:** طَلَقَ *(талака)* «бошотуу (ал бошотту)» –

أَطْلَقَ *(атлака)* «бошотуунга уруксат берди», учур чак формасы – يُطْلِقُ *(йутлику)* «бошотуп жатат, (ал) бошотууда».

4. Кээде бул баптагы этиш I баптагы этиштин кыймылына оң жооп берүү, орундатууга макулдугун билдирген маанини берет. **Мисалы:** طَلَبَ *(талаба)* «талап кылуу (ал талап кылды)» – أَطْلَبَ *(атлаба)* «талабын орундатты», учур чак формасы – يُطْلِبُ *(йутлибу)* «талабын орундатып жатат, (ал) талабын орундатууда». صَرَخَ *(сараха)* «жардамга чакыруу, (ал жардамга чакырды)» – أَصْرَخَ *(асрака)* «жардам берүү, (ал) жардам берди», учур чак формасы – يُصْرِخُ *(йунтику)* «сүйлөтүп жатат (ал) сүйлөтүүдө». خَاشَنَ – يُخَاشِنُ *(хаашана-йухаашину)* «бирөөгө орой мамиле жасады – бирөөгө орой мамиле жасоодо».

5. I бапта келген маанидеги кыймылды четтетүү, жоюу. **Мисалы:** شكا *(шакаа)* «арыздануу (ал арызданды)» – أشكى *(ашкаа)* «арыздануу себебин жоюу», учур чак формасы – يُشْكِي *(йушкиу)* «арыздануу себебин жоюп жатат, арыздануу себебин жоюуда.

***Адабияттар***


1. Аббас Хасан «Ан-нахву аль-ваафи», Толук грамматика.
2. Абдуль-Кадыр Абу Шариф жана Ибрахим ас-Сейид ж.б., Араб тили.
3. Абу Кадир Абу Шариф, Ибрахим ас-Саид ж.б., «Араб тили»
4. Абу Муса Илиса ибн Абдулазиз аль-Жузулия «Мукадимату аль-Жузулияту фин-нахви», Араб тилинин грамматикасы
5. Гранде Б.М. Курс арабской грамматики в сравнительно-историческом освещении.
6. Юсуф аль-Хумади Мухаммад, Мухаммад аль-Шанави, Мухаммад Шакик «Аль-Каваид аль-Асасияти фин-Нахви ва Сарф». Араб тилинин грамматикасы, морфологиясы